И. Раззаков атындагы КМТУда 2023-жылдын 28-29-мартта өткөн 670300 «Унаа процесстердин технологиясы» багытынын "Ташууларды уюштуруу жана унааны башкаруу", "Унаадагы логистика" профилдерин бүтүрүп жаткан студенттерден кабыл алынган даярдоочу багыт боюнча мамлекеттик сынактын жыйынтыгы боюнча Мамлекеттик Аттестациялык Комиссиянын ишинин

**ОТЧЕТУ**

**1. Уюштуруу иштери.**

1. 1. Даярдоо багыты боюнча мамлекеттик сынакты тапшыруу 2023-жылдын 28-29-мартта саат 14-00дө, 4св. ауд. өткөрүлдү. Мамлекеттик Аттестациялык Комиссиянын (МАК) иш алып баруусу белгиленген график боюнча жүргүзүлдү. Мамлекеттик сынакты тапшыруу орду жакшы даярдалган. МАКтын бардык мүчөлөрү дискуссия учурунда студенттердин билим деңгээлин баалоо учурунда жигердүү катышышты.

1.2. Даярдоо багыты боюнча мамлекеттик сынакты тапшырганга чейин студенттер сынакка тиешелүү сабактардан консультацияларды алышкан. Кафедрада студенттердин түшүнбөгөн суроолоруна жооп алышы үчүн керектүү баардык шарттар түзүлгөн. Мамлекеттик Аттестациялык Комиссия төмөндөгүдөй курамда иш алып барды:

**МАКтын төрагасы:**

1.Сыдыгалиев Манасбек Арленович – Кыргыз Республикликасынын Ички иштер министирлигинин жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын жол-кайгылуу кызматы жана укук колдонуу практикасы башкармылыгынын башчысы, төрага:

МАКтын төрагасынын орун басары:

2. Акбар уулу Данияр- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министирлигинин алдындагы "Автомобиль жана темиржол транспорт" башкармалыгыны жетектоочү адиси, төраганын орун басары;

**МАКтын мүчөлөрү:**

1. Сурапов Анаркул -ТУжУБ минбарынын доценти;
2. Назаров Бакытжан Пазылджанович - ТУжУБ минбарынын улук окутучуусу;

**МАКтын катчысы:**

3. Мырзалиева Аида Ойозбековна - ТУжУБ минбарынын улук окутуучусу.

**Багыт боюнча адистерди даярдоонун сапатын иликтөө**

1.1. Даярдоо багыт боюнча мамлекеттик сынакты тапшыруу, атайын даярдалган сынактын суроолоруна жооп берүү аркылуу жүргүзүлдү. Сынактын суроолору атайын даярдалып, мөөр басылган конверттен

ачылгандан кийин комиссия мүчөлөрүнүн көз алдында столго жазылып коюлду. Ар бир билетте багыт боюнча үчтөн суроо камтылган. Студенттер билетти алгандан кийин, даярданганга отуз минутадан, ал эми суроо жоопко беш минутадан он беш минутага чейинки убакыт берилди. Жалпысынан студенттердин билим деңгээлин жакшы деп баалаганга болот. Ар бир студент билеттин жана берилген суроолоруна жакшы жооп беришти.

1.2. Жалпы техникалык жана атайын сабактар боюнча студенттердин мамлекеттик сынакты тапшыруудагы билим деңгээли бакалаврдык билим берүүнүн бардык талаптарына жооп берет.

**2. Статистикалык отчет** 670300 «Унаа процесстердин технологиясы» багытынын "Ташууларды уюштуруу жана унааны башкаруу", "Унаадагы логистика" профили боюнча Мамлекеттик сынакты тапшыруунун жыйынтыгы:

| № п/п | Көрсөткүчтөр | Баардыгы |
|---|---|---|
| **ТТПб-1-19, ТТПдот-1-18,ТТПб(дот)-1-(18)-19 группасы** | | |
| 1. | Сынакты тапшырууга уруксат алгандар: | **24** |
| 2. | Аттестациялоонун жыйынтыгы төмөндөгүдөй: | |
| | - эң жакшы | **9** |
| | - жакшы | **8** |
| | - канааттандырарлык | **7** |

**Жыйынтыктоо**

Кээ бир кетирилген кемчиликтерге карабастан 670300 «Унаа процесстердин технологиясы» багытынын "Ташууларды уюштуруу жана унааны башкаруу", "Унаадагы логистика" профилдери боюнча бакалаврларды даярдоонун сапаты жалпы мүнөзүнө туура келет.

Жалпы айтканда МАК даярдоо багыт боюнча Мамлекеттик сынакты тапшырган студенттерди аттестациялоо боюнча чечим чыгарды.

**МАКтын төрагасы** **М.А.Сыдыгалиев**